**Эл аралык мамилелер факультетинин Окумуштуулар кеңешинин кезектеги жыйынынын**
**№3-Протоколу**

**31-март, 2021-жыл**

**Катышкандар:** Окумуштуулар Кеңешинин19 мүчөсүнөн 17 мүчөсү катышты.

Окумуштуулар кеңешинин төрайымы: С.С. Ибраимова
Окумуштуулар кеңешинин катчысы: Г.М. Даниярова

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. 2020-жылдагы факультеттин илимий изилдөө иштеринин жыйынтыгынын отчету жана алдыдагы милдеттери жөнүндө
2. 2020-2021-окуу жылынын 1-жарым жылдыгындагы окуу тарбия иштеринин жыйынтыгы.
3. Факультеттин жана кафедралардын кесипке багыт берүү боюнча иш-пландарын талкуулоо жана бекитүү.
4. Ар түрдүү маселелер

**Угулду: Окумуштуулар Кеңешинин төрайымы Ибраимова С.С.:** Саламатсыздарбы, урматтуу коллегалар! Бүгүнкү ОКнын 19 мүчөсүнөн 15 мүчөсү катышып жатат, кворум бар. Кыдырмышева Б. университет тарабынан бекитилген комиссиянын курамында болгондуктан, катыша албайт. Нудинова К.Х. ден соолугуна байланыштуу арыз жазган. ОКнын күн тартибин бекитүү боюнча сунуштар барбы?

Анда күн тартибиндеги маселелерди бекитип койсок: «каршы», «калыс» жок бир добуштан “макул”.
Регламент бекитип алсак: баяндамачыларга – 3-5 мин.,
жарыш сөзгө – 3 мин .
суроо - 1 мин.
«каршы»- жок, «калыс» -жок, “макул” – бир добуштан, “бекитилсин”

**1-маселе.** 2020-жылдагы факультеттин илимий изилдөө иштеринин жыйынтыгынын отчету жана алдыдагы милдеттери

**Угулду: Окумуштуулар кеңешинин төрайымы С.С. Ибраимова:** Урматтуу коллегалар! 2020-жылдагы факультеттин илимий иштеринин жыйынтыгынын отчету менен таанышып чыгып, сунуштар болсо айтсаңыздар.

**Жарыш сөзгө чыккандар:Илимий изилдөө иштери боюнча декандын орун басары Мусаева А.К.:** Бул календардык жылда мурдагы жылга салыштырмалуу бир топ жакшы иштер болду. Мисалга алсак, 5 окутуучубуздун макаласы SCOPUS, Web of Science ка кирген журналдардан чыккан, 5 окутуучубуз аспирантура бөлүмүнө тапшырышты. Андан сырткары он-лайн форматта өткөн илимий конференцияларга катышып жатышат. Философия жана политология кафедрасынан Курбанбаев Кылыч агай докторлук диссертациясын ноябрь айында ийгиликтүү коргоду.

**(Презентациясы тиркелет)**

Дагы кошумчалай турган нерсе, урматтуу кесиптештер, гугл академиядагы ишибизди жандандыруу үчүн ар бирибиз корпоративдик почтабызды иштетсек.

**Күн тартибиндеги 1-маселени карап чыгып, Окумуштуулар Кеңешинин жыйыны**

**Токтом кылат:**

1.1. Профессордук окутуучулук курамдын 2020-жылда аткарган илимий изилдөө иштери канааттандыраарлык деп эсептелсин;
1.2. Берилген сунуштар жана өзгөртүүлөрдү эске алуу менен илимий изилдөө иштеринин жыйынтыгы бекитилсин;
1.3. Факультеттин профессордук окутуучулук курамдын окуткан предметтерине байланышкан окуу методикалык колдонмолорду чыгаруусу милдеттендирилсин;
1.4. Кафедра башчылары жана илимий жетекчилерге студенттердин илимий изилдөө иштерин күчөтүүсү милдеттендирилсин;
1.5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө факультеттин илимий изилдөө иштери боюнча декандын орун басары А.Мусаевага жүктөлсүн.

**2. 2020-2021-окуу жылынын 1-жарым жылдыгындагы окуу тарбия иштеринин жыйынтыгы.**

Окуу иштери боюнча декандын орун басары Ташыбаева А.К. 1-жарым жылдыктагы окуу тарбия иштеринин жыйынтыгы менен тааныштырды.

**(Презентация тиркелет)**

**Угулду: Окумуштуулар Кеңешинин төрайымы Ибраимова С.С.:** Бул маселе боюнча кандай сунуштар бар?

**Күн тартибиндеги 2-маселени карап чыгып, Окумуштуулар Кеңешинин жыйыны**

**Токтом кылат:**

2.1 Декандын окуу иштери боюнча орун басарынын маалыматы эске алынсын.
2.2 Сессиянын жыйынтыгы боюнча тайпалардын жетишүү рейтинги AVN аркылуу такталып, студенттерге жеткирилсин.
2.3 Башка факультеттерге которулуп кеткен студенттердин которулуу себептерин, жетишүүнү жана сабактарга катышуусун кураторлор, кафедралар, деканат тарабынан иликтенип, кесипке багыттоо жана түшүндүрүү иш-чаралары күчөтүлсүн.
2.4 Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө окуу иштери боюнча декандын орун басары жана кафедра башчыларына жүктөлсүн.

**3-маселе. Факультеттин жана кафедралардын кесипке багыт берүү боюнча иш-пландарын талкуулоо жана бекитүү.**

**Окумуштуулар кеңешинин төрайымы Ибраимова С.С.:** Урматтуу ОКнын мүчөлөрү, кийинки окуу жылына студенттерди кабыл алуу боюнча иштерди күчөтүүбүз зарыл. Бул боюнча деканат тарабынан да пландар түзүлүп, иш алып баруудабыз. Бирок ар бир багыт өз алдынча иш жүргүзгөнү жакшы го дейм. Жалал-Абад, Баткен жана Ош облустарынын мектептеринин президенттери менен байланыш түзүп, бүтүрүүчү класстардын окуучулары жана ата-энелеринин номерлерин тактап, ватсап группа түзүп, биздин факультет боюнча маалымат берип, суроолоруна жооп ала турган шарт түзүшүбүз керек. Бул маселе боюнча кимде кандай сунуш бар?

**Жарыш сөзгө чыккандар:ф.и.к., доцент Акматова Д.А.:** Саясат таануу багыты боюнча да философия жана политология кафедрасы иш алып баруусу керек. Алар бир гана бакалавриат эмес, магистратура боюнча да группа түзүп, иштешсе факультетибиз дагы да чоңоймок.

**Аймак таануу кафедрасынын башчысы, доцент К.Дж.Султанова:** Жогоруда айтылган сунушка мен да кошулам. Политология багыты боюнча аккредитациядан өткөнбүз. Эч болбоду дегенде 1 группа алышса болот. Ал өчөн кафедранын ар бири мүчөсү тыкыр иш алып баруусу зарыл.

**Окумуштуулар кеңешинин төрайымы Ибраимова С.С.:** Күн тартибиндеги 3-маселени карап чыгып, берилген сунуштардын негизинде токтомду бекитип койсок. «Каршы»- жок, «калыс» -жок, "макул" – бир добуштан.

**Күн тартибиндеги 3-маселени карап чыгып Окумуштуулар Кеңеши ТОКТОМ кылат**

3.1 Кафедра башчылары берген сунуштар эске алынсын;
3.2 Алдыда аткарылчу иштер күчөтүлсүн жана токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө тиешелүү структура жетекчилерине жүктөлсүн.

**4-маселе: Ар түрдүү маселелер.**

4.1. Эл аралык мамилелер факультетинин магистратура бөлүмүнө тектеш болгон төмөнкү багыттар жана адистиктер боюнча бүтүрүүчүлөрдү кабыл алуу жөнүндө.

**Угулду:** Эл аралык мамилелер факультетинин магистратура бөлүмү боюнча жетекчиси, ф.и.к. В.Б. Джанибекова тектеш адистиктерде окуган бүтүрүүчүлөрдөн суроо-талап көбүрөөк болуп жаткандыгын белгилеп, төмөнкү тектеш багыттар жана адистиктер боюнча бүтүрүүчүлөрдү магистратура бөлүмүнө кабыл алууга уруксат берүү жагын кароону суранды:

"Саясат таануу" багытына:
- эл аралык мамилелер багыты жана адисти;
- аймак таануу багыты жана адисти;
- юриспруденция багыты жана адисти;
- филология жана филологиялык билим берүү багыты жана адисти;
- лингвистика багыты жана адисти;
- кыргыз тили жана адабияты багыты жана адисти;
- орус тили жана адабияты багыты жана адисти;
- экономика багыты жана адисти;

- журналистика багыты жана адисти;
- тарых багыты жана адисти;
- социалдык иш багыты жана адисти;
- педагогика багыты жана адисти;
- теология багыты жана адисти;
- мамлекеттик муниципалдык башкаруу багыты жана адисти;
- искуство багыты жана адисти;
- математика багыты жана адисти;
- физика-математикалык билим берүү;
- информатика багыты жана адисти;

**Күн тартибиндеги маселени карап чыгып, Окумуштуулар Кеңешинин жыйыны**
**Токтом кылат:**

**4.1.1.** . Эл аралык мамилелер факультетинин магистратура бөлүмүнө тектеш болгон
төмөнкү багыттар жана адисттер боюнча бүтүрүүчүлөр кабыл алынсын:
"Саясат таануу" багытына:
- эл аралык мамилелер багыты жана адисти;
- аймак таануу багыты жана адисти;
- юриспруденция багыты жана адисти;
- филология жана филологиялык билим берүү багыты жана адисти;
- лингвистика багыты жана адисти;
- кыргыз тили жана адабияты багыты жана адисти;
- орус тили жана адабияты багыты жана адисти;
- экономика багыты жана адисти;
- журналистика багыты жана адисти;
- тарых багыты жана адисти;
- социалдык иш багыты жана адисти;
- педагогика багыты жана адисти;
- теология багыты жана адисти;
- мамлекеттик муниципалдык башкаруу багыты жана адисти;
- искусство багыты жана адисти;
- математика багыты жана адисти;
- физика-математикалык билим берүү;
- информатика багыты жана адисти;

4.1.2. Кабыл алынган токтом Ош МУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.

**4.2.** Эл аралык мамилелер факультетинин магистратура бөлүмүнө тектеш болгон төмөнкү багыттар жана адистиктер боюнча бүтүрүүчүлөрдү кабыл алуу жөнүндө.

**Угулду:** Эл аралык мамилер факультетинин магистратура бөлүмү боюнча жетекчиси, ф.и.к. В.Б. Джанибекова 530800-"Эл аралык мамилелер" багытынын магистратура даражасына тектеш адисттиктерде окуган бүтүрүүчүлөрдөн суроо-талап көбүрөөк болуп жаткандыгын белгилеп, төмөнкү тектеш багыттар жана

адисттиктер боюнча бүтүрүүчүлөрдү магистратура бөлүмүнө кабыл алууга уруксат берүү жагын кароону суранды:

**530800 - "Эл аралык мамилелер" багытына**;
- эл аралык мамилелер багыты жана адисти;
- аймак тануу багыты жана адисти;
- чыгыш таануу багыты жана адисти;
- саясат таануу багыты жана адисти;
- юриспруденция багыты жана адисти,  С1-деңгээлинде англис тилин билүү;
- чек ара ишмердүүлүгү, С1-деңгээлинде англис тилин билүү;
- экономика багыты жана адисти, С1-деңгээлинде англис тилин билүү;
- бизнес-менеджмент багыты жана адисти- С1-деңгээлинде англис тилин билүү;
- тарых багыты жана адисти, С1-деңгээлинде англис тилин билүү;
- мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу багыты боюнча адиси, С1-деңгээлинде англис тилин билүү;
- филология жана филологиялык билим берүү багыты жана адисти;
- лингвистика багыты жана адисти;

**Күн тартибиндеги маселени карап чыгып, Окумуштуулар Кеңешинин жыйыны**
**Токтом кылат:**

**4.2.1.** 530800-"Эл аралык мамилелер" багытынын магистратура даражасына тектеш болгон төмөнкү багыттар жана адисттер боюнча бүтүрүүчүлөр кабыл алынсын:

**530800 - "Эл аралык мамилелер" багытына**;
- эл аралык мамиле багыты жана адисти;
- аймак тануу багыты жана адисти;
- чыгыш таануу багыты жана адисти;
- саясат таануу багыты жана адисти;
- юриспруденция багыты жана адисти,  С1-деңгээлинде англис тилин билүү;
- чек ара ишмердүүлүгү, С1-деңгээлинде англис тилин билүү
- экономика багыты жана адисти, С1-деңгээлинде англис тилин билүү;
- бизнес-менеджмент багыты жана адисти- С1-деңгээлинде англис тилин билүү;
- тарых багыты жана адисти, С1-деңгээлинде англис тилин билүү;
- мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу багыты боюнча адиси, С1-деңгээлинде англис тилин билүү;
- филология жана филологиялык билим берүү багыты жана адисти;
- лингвистика багыты жана адисти;

4.2.2. Кабыл алынган токтом Ош МУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.

**4.3.** Эл аралык мамилелер факультетинин магистратура бөлүмүнө тектеш болгон төмөнкү багыттар жана адистиктер боюнча бүтүрүүчүлөрдү кабыл алуу жөнүндө.

**Угулду:** Эл аралык мамилер факультетинин магистратура бөлүмү боюнча жетекчиси, ф.и.к. В.Б. Джанибекова 531500-"Аймак таануу" багытынын магистратура даражасына тектеш адисттиктерде окуган бүтүрүүчүлөрдөн суроо-

талап көбүрөөк болуп жаткандыгын белгилеп, төмөнкү тектеш багыттар жана адисттиктер боюнча бүтүрүүчүлөрдү магистратура бөлүмүнө кабыл алууга уруксат берүү жагын кароону суранды:

**531500 - "Аймак таануу" багытына**;

1. Аймак таануу багыты жана адиси;
2. Эл аралык мамилелер багыты жана адиси;
3. Тарых багыты жана адиси;
4. Социалдык иш багыты жана адиси;
5. Юриспруденция багыты жана адиси;
6. Лингвистика багыты жана адиси;
7. Экономика багыты жана адиси;
8. Журналистика багыты жана адиси;
9. Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу багыты жана адиси;
10. Чыгыш таануу, африка таануу багыты жана адиси;
11. География багыты жана адиси;
12. Туризм багыты жана адиси;
13. Политология багыты жана адиси;
14. Кытай таануу багыты жана адиси;
15. Философия багыты жана адиси;
16. Маданият таануу багыты жана адиси;
17. Реклама жана коом менен байланыштар адиси;

**Күн тартибиндеги маселени карап чыгып, Окумуштуулар Кеңешинин жыйыны**

**Токтом кылат:**

**4.3.1.** 531500-"Аймак таануу" багытынын магистратура даражасына тектеш болгон төмөнкү багыттар жана адисттер боюнча бүтүрүүчүлөр кабыл алынсын:

**531500 - "Аймак таануу" багытына**;

1. Аймак таануу багыты жана адиси;
2. Эл аралык мамилелер багыты жана адиси;
3. Тарых багыты жана адиси;
4. Социалдык иш багыты жана адиси;
5. Юриспруденция багыты жана адиси;
6. Лингвистика багыты жана адиси;
7. Экономика багыты жана адиси;
8. Журналистика багыты жана адиси;
9. Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу багыты жана адиси;
10. Чыгыш таануу, африка таануу багыты жана адиси;
11. География багыты жана адиси;
12. Туризм багыты жана адиси;
13. Политология багыты жана адиси;
14. Кытай таануу багыты жана адиси;

15. Философия багыты жана адиси;
16. Маданият таануу багыты жана адиси;
17. Реклама жана коом менен байланыштар адиси;

4.3.2. Кабыл алынган токтом Ош МУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.

**4.4 Авторлор профессор Э.Шарипова жана К.Курбанбаевдин “Кыргыз көркөм өнөрү-дүйнөнү таанып билүү каражаты катары” аттуу монографиясын басмага сунуштоо.**

**Угулду: Окумуштуулар кеңешинин төрайымы Ибраимова С.С.:** Урматтуу ОКнын мүчөлөрү, проф. Э.Шарипова жана К.Курбанбаевдин окуп чыктым. Негизинен жакшы жазылган, азыркы учурдун талаптарына ылайык жазылган. Ошондуктан басмага сунуштайм.

**Жарыш сөзгө чыккандар:** ***Проф. Исаков К.:*** Бул монография менен таанышып чыкканмын, азыркы билим берүү стандартында коюлган талаптарга толугу менен жооп берет. Илимий жана практикалык жактан тыгыз байланышта каралган. Ийгиликтерди каалайм.

**Күн тартибиндеги маселелерди карап чыгып, факультеттин Окумуштуулар Кеңеши**
**ТОКТОМ** кылат:

1. Авторлор **Э.Шарипова жана К.Курбанбаевдин “Кыргыз көркөм өнөрү-дүйнөнү таанып билүү каражаты катары”** аттуу монографиясы басмага сунушталсын.
2. Факультеттин чечимин колдоо жагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешине сунушталсын.

**Окумуштуулар кеңешинин төрайымы: С.С. Ибраимова**

**Окумуштуулар кеңешинин катчысы: Г.М. Даниярова**